Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№2 [16998] ИШЕМБИ, 31/01/2026

## КУТТУУ БОЛСУН КУТМАН КУРАК - АЛТЫМЫШ!



3-бетте

## КЫРГЫЗ–АТАДА ДЕМИЛГЕЛҮҮ ИШТЕРДИН ИЙГИЛИГИ АРБЫН



8-бетте

## ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДАГЫ ИЗГИ ИЙГИЛИКТЕР




4-бетте

## ӨМҮРГӨ БАЙЛАНГАН СЫРЛАР



8-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен!**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

# А. Кенжебаев Ноокатта болду



Ош облусунун башчысы Аманкан Кенжебаев Ноокат районуна болгон иш сапарынын алкагында Т. Кулатов айыл аймагында курулуп жаткан органикалык айыл чарба жер семирткичтерин чыгаруучу заводдун курулушу менен таанышты.

Маалыматка ылайык, аталган долбоор «Органикалык жер семирткичтердин технопаркы» деп аталып, курулуш иштери төрт этап менен жүргүзүлөт. Учурда биринчи этаптын курулушу 50 пайызга жакындап, завод курула турган аянтка электр линиялары тартылып, трансформатор орнотулуп жана инвесторлор тарабынан жабдууларды орнотууга шарт түзгөн атайын имарат салынган. Кытай инвесторлору тарабынан, 2024-жылдын 25-ноябрында 15 млн АКШ долларлык жабдуулар келип түшүп, учурда алар орнотулуп бүтүп калган.

Өндүрүштү 2025-жылы ишке киргизүү пландалган, бирок айрым себептерден улам курулуш жумуштары созулуп кеткен. Облус жетекчиси инвесторлордун өкүлүнөн курулуш иштери боюнча кенен маалымат алып, жаралган маселелерди талкуулады.

Белгилей кетсек, заводдун биринчи этабы ишке кирсе, жылына 100 миң тонна органикалык жер семирткич өндүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт жана жаңы жумуш орундар пайда болот.

Заводдун жалпы долбоордук наркы — 260 млн доллар. Долбоор төрт этап менен ишке ашырылат.

# Эки тараптуу жолугушуу



Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Россия Федерациясынын Ош шаарындагы жаңыдан дайындалган Башкы консулу Роман Свистин менен жолугушуу өткөрдү.

Белгилүү болгондой, Роман Свистин бул кызматка экинчи жолу дайындалды. Ал буга чейин 2016–2021-жылдары да Ош шаарында РФнын Башкы консулу болуп иштеген.

Жолугушууда Аманкан Кенжебаев дипломатты кайрадан дайындалышы менен куттуктап, жаңы жоопту кызматында ийгиликтерди каалады. Ошондой эле анын бай тажрыйбасы, кесипкөйлүгү жана жигердүү ишмердүүлүгү Ош облусу менен Россия Федерациясынын ортосундагы өз ара пайдалуу кызматташтыгы мындан ары чыңдоого өбөлгө болорун белгиледи.

**Тренинг**

# Дарт жөнүндө жаңы сөз



Ош шаарында жакында облустагы массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү үчүн “Кесипкөйлүү, этикалуу, кодулоосуз: адамдын вирустук жетишсиздиги жана кургак учук жөнүндө жаңы сөз” аталышындагы тренинг өткөрүлдү. Иш- чара Глобалдык фонду жана ПРООндун демөөрчүлүгү менен “Медиа -эксперт” коомдук фонду жана “Доор- медиа” коомдук фонду тарабынан уюштурулду. Тренингдин максаты: адамдын вирустук жетишсиздиги (АВЖ) жана кургак учук оорулары тууралуу материалдарды чагылдырууда массалык маалымат каражаттарынын компетенттүү жана этикалык мамилелерин калыптандыруу болду. Ошондой эле медиа өкүлдөрү тарабынан максаттуу топторго карата кодулоону жана дискриминациялоону болтурбоо үчүн шарттарга көмөк көрсөтүү да камтылды.

Иш- чараны тренер Нурия Иманкулова ачты жана аталган ооруларды чагылдыруу тууралуу баяндама жасады. Иш - чаранын жүрүшүндө тестирлөө жүргүзүлүп, ой - пикирлер сурамжыланды.

“Доор медиа” коомдук фондунун жетекчиси Вячеслав Гончаров, тренер Нурия Иманкулова иш -чаранын жүрүшүндө кургак учук оорусу жана адамдын вирустук жетишсиздиги ооруларына байланышкан материалдарды даярдоонун жолдору, бул арактеги кесипкөйлүк, этикалуулук, стигма (кодулоо) жөнүндө айтып беришти. Ошондой эле тестирлөө жүргүзүштү.

Тренингдин чектеринде практикалык тапшырмалар берилип, адамдын вирустук жетишсиздиги жана кургак учук жөнүндө даярдалган материалдар сунушталып, алардын артыкчылыгы жана кемчиликтери тууралуу кенен сөз болду. Массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү бул тренингден аталган оорулар жана бул дарттарга туш болгон бейтаптар тууралуу чагылдырууда, этикалуулукту сактоо, кодулоону болтурбоо, кесипкөйлүктү өркүндөтүү жөнүндө кенен маалыматтарды алышты.

# Кредиттик технологиялдар боюнча окутуулар




Өзбекстандын Абу Али Ибн Сина атындагы Алмалык медициналык техникумунун окутуучулары Ош мамлекеттик университетинде квалификациясын жогорулатып жатышат. Алар кредиттик технология боюнча 144 сааттык окутуудан өтүшүүдө.

Окуу процессин окутуучулар Толкун Папиева, Жыпара Асилбек кызы, Муборак Чыналиева жана Бибигүл Орунбаева алып барууда. Курста кредиттик технологиянын негизинде сабакактарды уюштуруунун теориялык жана практикалык жактары каралып, катышуучулар билим берүү процессин пландоо, студенттердин өз алдынча ишин уюштуруу, интерактивдүү окутуу ыкмаларын колдонуу, билимди баалоонун заманбап формаларын өздөштүрүшүүдө.

Квалификациялык курс окутуучулардын кесиптик чеберчилигин жогорулатууга, эл аралык тажрыйба алмашууга жана билимдин сапатын жакшыртууга багытталган. Окуу аяктагандан кийин катышуучуларга сертификаттар тапшырылат.

**З.Нуралиева,**
**ОшМУнун басма сөз катчысы.**

**Көргөзмө**

# Көркөм дүйнө



Оштогу П.И.Чайковский атындагы балдардын искусство мектебинде мында көркөм сүрөт багытында окушкан жаш таланттардын сүрөт көргөзмөсү уюштурулду. Көргөзмөгө жаш жеткинчектердин ой дүйнөсү, фантазиясы, ички туюму менен тартылган көптөгөн сүрөттөрү коюлду. Алардын кыл калеминен жаралган сүрөттөр ар кандай багытты камтып, кооздугу, көркөмдүгү менен айырмаланат.

Көркөм сүрөт, натюрморт, пейзаж, портрет жана башка жанрларда тартылган сүрөттөр кызыгууну жаратпай койбойт. П.И.Чайковский атындагы балдардын искусство мектебинин директору Айнура Замирбекова көргөзмөгө эмгектерин коюшкан жаш таланттарды куттуктап, аларга түзүлгөн шарттар мындан ары дагы жакшыраарын айтты. Ошондой эле иш- чарага катышкан ата –энелерге, меймандарга да ыраазычылык билдирди.



Көркөм сүрөт боюнча окутуучу жашт таланттарга ынтаа менен билим бергени, алардын көргөзмөгө койгон эмгектеринен даан байкалат. Мында 6 жаштан баштап, ар кандай жаш курактагы окуучулар билим алышат. Жаш таланттардын ийгиликтери мындан да арта берсин демекчибиз.

**К. Кыдыралиева.**

# КУТТУУ БОЛСУН КУТМАН КУРАК - АЛТЫМЫШ!

Көп жылдар бою облустагы коомдук-саясий турмуштун чордону болгон басма сөз айдыңында таалыкпас эмгеги менен окурмандардын урмат-сыйына ээ болуп келген белгилүү калемгер журналист Айгүл Матиеванын "Ыр дүйнөсүндөгү өмүр" деген аталыштагы китеби жарык көрдү.

Ушул учурга удаалаш Айгүл Матиеванын 60 жылдык мааракеси жана жаңы китебинин бет ачар аземи уюштурулду. Чыгармачылык кечеге Ош облустук "Ош жаңырыгы" гезитинин жалпы эмгек жамааты, агартуу тармагында бирге эмгектенген мугалимдер, он жыл бирге окуган классташтары, Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бирге аяктаган курсташтары, Мырза-Арык айылындагы жердештери, тага журту жана бир тууғандары келип, жакшылыгын бирге бөлүштү.



Айгүл Матиева китептин жаралуу тарыхы жөнүндө айтып, анда мезгилдин элегинен өтүп, бактылуу учурларда жазылган, берекелүү күз жыттанган илеби ысык ырлары жана публицистикалык макалалары камтылганын белгилеп өттү. Анын айтымында, китепке кирген чыгармалар өмүрдүн ар кыл белестеринен, ички толгонуудан жана калемгердик жоопкерчиликтен жаралган. Өмүр жолу, мезгил сыны, адам тагдыры жана мекенге болгон сүйүү көркөм чагылдырылган.

Бул чыгармачылык кечеде Айгүл Матиеванын журналисттик жана поэтикалык жолуна серең салынып, кесиптештеринин, калемдештеринин, окурмандардын жылуу пикирлери айтылды. "Ыр дүйнөсүндөгү өмүр" китеби – автордун ички руханий дүйнөсүн, жашоого болгон философиялык көз карашын, сөзгө болгон берилгендигин даана ачып берген эмгек катары бааланды.

Чыгармачылык кечеде классташтары анын балалык мезгилине кайрылышты. Мектеп курагынан тартып эле аракетчил болгонун, сабактарын мыкты өздөштүрүп, орус жана кыргыз акындарынын ырларын жатка, көркөм окуп берет эле деп өзгөчө белгилешти. Ошондой эле, ал мектепте ай сайын жарык көрүп турган жаш калемгерлердин "Жаш талант" адабий ийриминин жигердүү катышуучусу болгону, анын ырлары ар дайым жарыяланып турганы айтылды. Классташтары мектепте окуп жүргөндө жазылган "Мугалим" деген ыры өзү билим алган мектепте салтанаттуу иш-чараларда көркөм окулуп келгенин да баса белгилешти.

Ал эми курсташтары студенттик жылдарга токтолуп, Айгүл Матиеванын билим алууга болгон тыкандыгын, тырышчаактыгын эскеришти. Анын кол жазмасынын сулуулугу, тактыгы, айрыкча сессия мезгилинде жазган лекция дептерлери көпчүлүккө үлгү болгондугу айтылды. Кечеде анын күндөлүгүнөн үзүндүлөр окулуп, студенттик жылдары жазылган айрым ырларынан мисалдар келтирилди.

Ош облустук «Ош жаңырыгы» гезитинин жамааты сөз сүйлөп, Айгүл Матиеванын иштеп жүргөн жылдарында гезит бетине жарыяланган ырларына токтолушту. Кечеде ырлары көркөм окулуп, мааракеге келген коноктор Айгүл Матиеванын алгачкы окурмандары болуп, сыясы кургай элек "Ыр дүйнөсүндөгү өмүр" китебине ээ болушту.

"Өзгөн нуру" гезитинин редакторунун орун басары **Тургунбү МАТМУСАЕВА:**

-Айгүл Матиева Өзгөн районундагы Мырза-Арык айылында туулуп өскөн. Областтык "Ош жаңырыгы" газетасында көп жылдардан бери талыкпай эмгектенип келүүдө. Ал сөздүн куну менен санын билген, көркөм сөздү көкүрөгүнө түйгөн, ар дайым чыгармачылык турмуштун жаңычыл жагында жүргөн мыкты журналист.

Ал: "Акындык - өнөр да, кесип да эмес. Акын болуп төрөлбөйт,



бул тагдыр. Поэзия тагдырга жазылган бүтүндөй бир өзүнчө дүйнө. Мен үчүн ыр жазуудан өткөн бакыт жок, бирок түшүнгөн адамга анын азабы да ошончо. Анткени, ыр жазып жаткан убактагы жан дүйнөнүн абалын, сезимдеги толгонууларды сөз менен айтып жеткирүү кыйын. Жакшы адамдын пешенесинен нур төгүлүп, жылдызы жаркырап жанып тургандай, жакшы ырдан да аны жазган акындын жүрөгүнүн табы сезилет. Ар бир сап ыр автордун жан дүйнөсүн, дүйнөгө жана жашоого болгон көз карашын, ырга жасаган мамилесин чагылдырып турат.

Эки тизгин бир чылбырды тизгиндеп, журналистиканы жүрөктө баккан ырлар менен айкалыштырып, көөдөнүмө өчпөс сүйүү түнөттүм. Мага тынчтык бербей, жүрөк туйлаткан жан дүйнө жаңырыгымды сиздердин назарыңыздарга тартуулагым келди. Бул ыр дүйнөсүндөгү менин өмүрүмдү камтыган жыйнак Мекенге, ата-энеге, бир тууғандарга, үзөңгүлөш кесиптеш болгон асыл адамдарга жана уулум Шергазыга арналат" – дейт.

Ооба, калемгердин алдыда да чыгармачылык боюнча көп асыл максаттары бар. Айгүл калемиң дайым курч, мурч болсун, сыясы кургабасын! Сага бекем ден соолук, узун өмүр, чыгармачылык шык жана калеминден дагы далай баалуу эмгектер жаралышын каалайм. Ыр дүйнөсүндөгү өмүрүң ар дайым нурлуу, ойлуу жана мазмундуу болсун!

Ош шарындагы №8 жалпы билим берүү мекемесинин кыргыз тили мугалими **Венера АКЫБАЕВА:**

-Айгүл Матиева мугалим катары жаш муунга билим берүүнү гана эмес, адамдык наркты, сөздүн кадырын, ойдун тазалыгын үйрөтүп келет. Анын сабактары окуучулардын эсинде өмүр бою сакталчу тарбиялык мааниге ээ. Ал мугалимдик кесибин редакция менен байланыштырган журналист жана акын. Алтымыш жылдык өмүр чыйырындагы кесиптик жаатта калтырган изине сарасеп салып, жыйынтык катары "Ыр дүйнөсүндөгү өмүр " аталыштагы чыгармачылык кечесин өткөрүп отурат.

Жарык көргөн ыр жыйнагы жана анын бет ачары анын чыгармачыл дүйнөсүн жалпыга тааныты. Анын ырларында адам тагдыры, турмуштук ой-толгоо, аялдык арүү сезим, ички дүйнөнүн тазалыгы, мекенчилдиги көркөм сөз аркылуу берилген. Ар бир саптан чынчылдык, жашоого болгон аяр сезимдер уюган кыттай тизмектелген. Бул китеп-автордун изденүүдөгү руханий эмгегинин жемиши.

Курсташы, Алай районундагы №34 Амат Жээнбеков атындагы мектептин орус тили мугалими **Замира САКТАНОВА:**

-Бул китеп автордун чыгармачылык өсүшүнүн, руханий изденүүсүнүн жыйынтыгы. Курсташы катары Айгүл Матиеванын поэзиясындагы ойдун тактыгын, сөздүн салмагын, сезимдин аруулугун баалайм. "Ыр дүйнөсүндөгү өмүр" ар бир окурманга өзүн табууга, өмүр тууралуу ой жүгүртүүгө чакырган баалуу эмгек.

Классташы, ишкер **Замирбек САКЫЕВ:**

- Айгүл Матиеванын ырлары жүрөктөн чыккан жандуу ырлар. Өзүнүн тагдырын, мүнөзүн, адамдык бийик сапаттарын ачып бере алган. Классташы катары анын поэзиясынан жаштыктагы таза кыялды, чынчылдыкты жана турмуштун ар бир учуруна болгон терең мамилени таап отурам. Бул ырлар автордун өз өмүр жолу менен үндөшүп, окурманды терең ойго салат.

## МУГАЛИМ

Аты кымбат, заты кымбат мугалим,
Тек кетирбейт ар бир минут убагын.
Талыкпастан бүт жаштарга ичирген,
Илим-билим агып жаткан булагын.

Алып чыккан бул жыргалга элимди,
Көркkө бөлөп, кубулттурган жеримди.
Жаш муунга билим нурун сиңирип,
Окутушкан мугалимдер генийди.

Биз басабыз улуулардын жолунан,
Билим алып бир силердин колуңан.
Кайда окуп, кайда иштеп жүрсөк да,
Түк чыкпайсын окуучунун оюнан.

## ОШТУКМУН

Тили да ширин оштуктун,
Дили да ширин оштуктун.
Урматтап сылык сүйлөгөн,
Кызымын мен да оштуктун.

Түштүктүн орун-очогу,
Күнөстүү жерге Ош пирим.
Пайгамбар назар таштаган,
Кут даарыган Ош пирим.

Ар кошкон улут жашаган,
Пейили кенен оштуктун.
Меймандос, жайыл дасторкон,
Сый-урмат күткөн оштукмун.

Тогуз жолдун тоомунда,
Бел аталдың Ош пирим.
Кербен менен соода өткөн,
Жол аталдың Ош пирим.

Бейиштин төрүн мекендеп,
Бел тутуп келген оштукмун.
Зыярат этчү ыйык жай,
Тагы бар, бийик оштуктун.

Сулайман менен Ак-Буура,
Уул-кызың Ош пирим.
Көзгө сүртөр дарылык,
Турпагың алтын Ош пирим.

Отуз кылымды батырган,
Тарыхы бар оштуктун.
Үч миң жашка эгедер,
Бактылуу инсан оштукмун.

Ар качан арбап суктанткан,
Турпатың сулуу Ош пирим.
Ага-тууган жыттанган,
Туулган жерим Ош пирим.

Кагылайын ордо калаа,
Түркүгүсүн оштуктун.
Түбөлүктүү туусу бол,
Ынтымак менен достуктун!

## БАЛАМ БАКТЫМ

Бакытты эмне десем,
Баланын өзү тура.
Жанымды элжиреткен,
Жагымдуу сөзү тура.

Боорума бек кучактап,
Баламды сүйүп турам.
Жан дүйнөм толуп ташып,
Бакытка тунуп турам.

Өзүңө жаным балам,
Көңүлүм буруп турам.
Жанымда сен бар үчүн,
Жазылып күлүп турам.

Кызыл эт ымыркайым,
Кылыгың сүйүп турам.
Табыңа алоолонуп,
От болуп күйүп турам.

Сен менин акылымсын,
Медерим жакынымсын.
Айланып кетейиним,
Сен менин бакытымсын.
Садагаң болоюнум,
Сан миңдей бакытымсын!

**Бетти даярдаган: А.САПАРБАЕВА.**

# КРЕДИТ АЛУУГА ӨЗҮНӨ-ӨЗҮ ТЫЮУ САЛУУ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2025-жылдын 1-ноябрынан тартып жарандардын финансылык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча «Кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу» жаңы механизми ишке киргизилгендигин билдирүүдө. Ушундан улам, жарандарга өзүнө сак болуу тууралуу маалымат берүүнү туура таап, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгынын көзөмөл бөлүмүнүн жетектөөчү инспектору Мейликулов Тынчтыкбек Жунусмаматовичке кайрылып, төмөнкүдөй маалыматтарды алдык.**

-Кимдир бирөөнүн атынан ага билгизбей туруп, кредит алганын уккан чыгарсыз, эми мунун алдын алса болот. Кыргызстанда алдамчылыкты токтотууга багытталган жаңы укуктук курал (инструмент) ишке кирди. "Кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу" - бул мыйзамга Кыргыз Республикасынын Президенти 2025-жылдын 30-июлунда кол койгон. Ал расмий жарыяланган күндөн тарта 3 ай өткөн соң күчүнө кирди (2025-жылдын 1-ноябрынан тарта). Бул эмнени билдирет, эгер, сиз өз атыңызга кредит алууга тыюу койсоңуз, анда эч бир банк же каржы уюму сиздин атыңызга кредит бере албайт. Эгер, банк тыюунун бар-жогун текшербей, кредит берсе мындай келишим автоматтык түрдө жараксыз деп табылат, жоопкерчилик сизге эмес – банкка жүктөлөт.

Өзүнө-өзү тыюу салуу бул жөнөкөй жана ыңгайлуу. Бардык аракет онлайн аткарылат, Tunduk мобилдик тиркемеси аркылуу акысыз, ылдам жана банкка баруунун кереги жок. Керек учурда тыюну алып салууга да мүмкүн. Бул кредиттик алдамчылыктан коргонуунун ишенимдүү жолу. Жадагалса зыянкечтер жасалма документтерди колдонсо да система бул аракетти токтотот, кредит берилбейт. Өзүнө-өзү тыюу салуу – бул өзүңүздү жана жакындарыңызды коргонуунун жолу. Бул сиздин жеке кепилдигиңиз. Эч ким сиздин атыңыздан жашыруун кредит ала албайт. Өзүнө-өзү тыюу салуу – сиздин ишенимдүү калканыңыз.

















2025-жылдын 1-ноябрынан 2026-жылдын 16-январына чейинки мезгил аралыгында 140 264 адам Tunduk мобилдик тиркемеси аркылуу кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу кызматын иштетишкенин белгилейбиз.

## Механизмди киргизүүнүн негизги максаттары:

* Алдамчылыктын алдын алуу жана керектөөчүлөрдүн коргоо: уурдалган же жасалма маалыматтарды колдонуу менен башка бирөөнүн атына кредит алуу учурларын жокко чыгаруу, карыз оорчулугуна жана талаш маселелердин келип чыгышына жол бербөө.

* Өз кредиттик профилин контролдоо: каалаган убакта өз атыңызга "санарип кулпу" белгилөө мүмкүнчүлүгү.

* Финансылык жактан этияттык: жарандарга терең ойлонуп чечим кабыл алууга убакыт берүү.

Өзүнө-өзү тыюу салууну Tunduk мобилдик тиркемеси аркылуу аралыктан белгилөөгө же жокко чыгарууга болот. Кызмат көрсөтүү акысыз жана 24/7 убакыт бою жеткиликтүү.

## Төмөндө бул кызматты кошуу алгоритми көрсөтүлгөн:

1. Өзүнө-өзү тыюу салууну белгилөө:

Tunduk тиркемесине кирүү / "Кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу" кызматын тандоо / "Билдирмени тариздөөнү" басуу / кредиттик бюрону тандоо / иш-аракетти тастыктоо зарыл. Тыюу салуу дароо ишке кирет.

2. Тыюу салууну жокко чыгаруу:

Ошол эле кызматка кирүү / кредиттик бюрону тандоо/" Кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салууну жокко чыгаруу" баскычын басуу зарыл. Тыюу салуу 12 сааттан кийин автоматтык түрдө жокко чыгат.

3. Жокко чыгаруу:

Билдирме бергенден кийин 12 сааттын ичинде кызматка кирип "Билдирмени жокко чыгаруу" баскычын басууга болот - коргоо активдүү бойдон калат.

Бардык кызыктырган суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгына кайрылсаңыздар болот.

**Дареги: Ош шаары Курманжан Датка 119 .**
**Байланыш телефондору: (03222) 4-84-63, 4-83-92.**

# ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДАГЫ ИЗГИ ИЙГИЛИКТЕР

**Өткөн жыл Өзгөн районундагы Алайчиев Руслан Болбурович жетектеген Кароол айыл өкмөтү үчүн изденүү, жоопкерчилик жана натыйжалуу эмгек менен коштолгон ийгиликтүү жыл болду. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик программалардын аткарылышын камсыз кылууга, эл менен тыгыз байланышта иш алып барууга жана ачык-айкындуулукту сактоого өзгөчө көңүл бурулду. Билим берүү, саламаттык сактоо, жол, таза суу, социалдык жардам жана айыл чарба тармактарында бир катар маанилүү иштерди жүргүзүүгө жетишилди.**




Калктын жашоо-турмушун жакшыртууга багытталган социалдык долбоорлор, инфратүзүмдөрдү ирээтке келтирүү, жергиликтүү демилгелерди колдоо багыттарындагы иш аракеттер өз жемишин берди. Анын натыйжасында Кароол айыл өкмөтү "Жылдын мыкты айыл өкмөтү" деген жогорку наамга татыктуу болду. Бул жетишкендик – айыл өкмөтүнүн жетекчилигинин ыраатту ишинин, кызматкерлердин талыкпас эмгегинин жана эл менен тыгыз байланышта иш алып баруунун жыйынтыгы. Ишеним менен аракет айкалышкан жерде өнүгүү бар экенин айыл өкмөтү иш жүзүндө далилдей алды.




Кароол айыл өкмөтүнүн эмгек жамаатын "Жылдын мыкты айыл өкмөтү" наамын жеңип алышы менен чын дилден куттуктайбыз. Бул сыйлык – сиздердин мээнет менен элге кызмат кылуудагы ак ниетиңиздерге берилген татыктуу баа. Айылдын өнүгүүсү, социалдык маселелердин чечилиши, ынтымактуу коомду калыптандыруу жолундагы иштериңиздер ар дайым үлгү болуп келди. Алдыдагы жылдарда да ишиңиздер ийгиликтүү уланып, жаңы демилгелер ишке ашып, эл ишенимин арттыра беришиңиздерге тилектешпиз. Ден соолук, бекем ынтымак жана мындан да бийик жетишкендиктер сиздерге жолдош болсун!

Өнөр жай жана кайра иштетүү тармагындагы өсүштөр

Өткөн жылы Кароол айыл аймагында өнөр жай жана кайра иштетүү тармагын өнүктүрүү багытында бир катар алгылыктуу иштер аткарылды. Тактап айтканда, бул багытта 3 жаңы ишкана ачылып, алардын негизинде 60тан ашуун жаңы жумуш орундары түзүлдү. Өнөр жай тармагына тартылган инвестициянын жалпы көлөмү 380 млн сомду түздү.

Жаңы ачылган өнөр жай ишканаларынын катарында Шералы айылында жеке ишкер тарабынан негизделип, пайдаланууга берилген "Иман Билдинг" кыш чыгаруучу заводу бар. Аталган ишкана 50 жаңы жумуш ордун түзүүгө мүмкүндүк берди. Ошондой эле Кароол айылында жеке ишкер тарабынан "Уял-Терек-Плюс" таш майдалоочу ишканасы ачылып, анын алкагында 6 жаңы жумуш орду түзүлдү.

Мындан тышкары, Кароол муниципалдык ишканасынын базасында 252 гектар жер аянтына кум-шагыл кенин казып, сатууга күбөлүк алынды. Бул багытта материалдык-техникалык базаны чыңдоо максатында мамлекеттик «Лизинг» программасынын алкагында 1 даана Экскаватор-145 үлгүсүндөгү атайын техника жана 1 даана HOWO үлгүсүндөгү автоунаа сатып алынды.

Калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртуу жана муниципалдык кызматкерлер үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында айыл өкмөтүнүн жаңы административдик имаратынын курулуш иштери башталды.

Жалпысынан өнөр жай, кайра иштетүү жана тейлөө тармактарында ачылган ишканалардын натыйжасында кошумча 76 жаңы жумуш орду түзүлүп, аймактын экономикалык көрсөткүчтөрү кыйла жогорулады.




## Калк талабын ишке ашырган жергиликтүү демилгелер

Аймакта калкты тейлөө жана социалдык инфраструктураны жакшыртуу багытында калктын талабына негизделген жергиликтүү демилгелер ыраатту ишке ашырылууда. Бул багытта жеке ишкерлердин катышуусу менен бир катар маанилүү объектилер пайдаланууга берилди. Тактап айтканда, Шералы айылында



жеке ишкер тарабынан "Ала-Тоо" чайканасы ачылып, калкты тейлөөгө кириштi. Мындан сырткары, Ош–Бишкек автоунаа жолунун жээгинде Кароол айылындагы 1 гектар, Мырза-Арык айылындагы 0,80 гектар жер тилкелерине агро-логистикалык борборлордун курулуш иштери жүрүп жатат.

Айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртуу багытында да олуттуу иштер аткарылды. Мырза-Арык айылында жеке ишкер тарабынан Р.Наркулов, А.Раимкулов көчөсүнө асфальт төшөлдү. Ынтымак жаңы конушундагы 2 200 метр ички жолдор толугу менен сүрдүрүлүп, шагыл төшөлдү.

Калкты электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу максатында Мырза-Арык айылынын ички көчөлөрүнө 36 даана электр мамычасы сатып алынды, Ынтымак айылына 23 даана электр мамычасы чубалгылары менен кошо орнотулууда.

Дөн участогунда 975 метр аралыкка, Кароол жана Шералы айылдарындагы жаңы жолдун эки жээгине 2 чакырым аралыкка шагыл төшөлдү. Кароол айылынын Б.Солтонов жана А.Айдаралиев көчөлөрүнө республикалык бюджеттин дем берүүчү грантынын, өнүктүрүү фондунун жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен асфальт төшөлдү. Ошондой эле А.Гаипов жана Кыргызбай көчөсү менен С.Абдираимов көчөлөрүнүн кесилиши ачылып, шагыл төшөө иштери жүргүзүлдү. А.Жалилов көчөсүнө 270 метр аралыкка арык лоток орнотулду.

Орто-Арык айылында электр трансформатордук подстанция курулуп, пайдаланууга берилди. Республикалык бюджеттин эсебинен С.Абдираимов, А.Жалилов көчөсүнө шагыл төшөлдү. Шералы айылындагы жеке ишкерлердин эсебинен кыш заводунун айланасына 1 000 чарчы метр асфальт төшөлдү.

Сай участогунун жолуна , К.Кадыркулов көчөсүнө шебень төшөлүп, ички каналга техника өтүүчү көпүрө курулуп, пайдаланууга берилди. Ошондой эле Шералы айылынын Т.Досуев, К.Калбаев, К.Укулов көчөлөрүнө республикалык бюджеттин дем берүүчү грантынын жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 чакырым аралыкка асфальт төшөлдү. Мындан тышкары, жергиликтүү бюджеттин эсебинен О.Сатикеев көчөсүнө шебень, ал эми Кароол муниципалдык ишканасынын бюджетинин эсебинен Ийри-Талаа участогуна, Ү.Шемеев көчөсүнө жана айылдын мүрзөсүнө кеткен жолго шагыл төшөлдү.

Конуштар таза суу менен камсыз болду

Өткөн жылы Кароол айыл аймагында калкты таза суу жана электр энергиясы менен камсыз кылуу багытында маанилүү иштер аткарылды. Натыйжада бир катар конуштарда көп жылдан бери көтөрүлүп келген маселелер чечилип, жашоочулардын турмуш шарты кыйла жакшырды.

Мырза-Арык айылынын Дөң участкасында жашаган калк толук кандуу таза суу менен камсыз болуп, кошумча жаңы электр энергиясынын көмөкчү чордону (ТП) орнотулду. Ошондой эле Ынтымак жаңы конушуна таза суу тартылып, калктын күнүмдүк муктаждыктары камсыздалды.

Аймакты медициналык жактан тейлеген мекемелерде да заманбап, ыңгайлуу шарттарды түзүү багытында иштер жүргүзүлдү. Кароол айылындагы №12 ҮБДТ тобуна таза суу чыгарылып, ажаткана курулду. Төрт-Көл ФАПка таза суу тартылып, таза суу кампасы, ажаткана жана септик курулду. Мырза-Арык ФАПка таза суу чыгарылып, суу кампасы салынды. Ал эми Токтогул ФАПтын от казаны капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү.

Мындан тышкары, айыл аймагындагы эскилиги жеткен таза суу түтүктөрү этап-этабы менен оңдолуп, учурда калк таза суу менен үзгүлтүксүз камсыздалып жатат.

Аткарылган бул иштер калктын саламаттыгын сактоого, санитардык-гигиеналык шарттарды жакшыртууга жана жашоонун сапатын жогорулатууга багытталган маанилүү кадамдар болуп калды.

**Бетти даярдаган: А.МАТИЕВА.**

# ӨМҮРГӨ БАЙЛАНГАН СЫРЛАР

**Жер үстүндөгү асман мелжиген улуу тоолордун бири- Памир-Алай тоолору. Атагы алмустактан ааламга тараганы кучагында жандуу жаратылыш жашоосу жандангандан бери улуу тоолор өз сүрүнөн жазбай, мезгилдин сырдуу да, сыйкырдуу да сезим ыргактарын жансоогалап жашаганга жаратылыштын бал даамданган бакыбаттуулугун тартуулаганы тартуулаган. Канча тарыхтан бери чокусу көк мелжиген тоолордун кучагында татаал сырларды камтыган, бир туруп каардуулугуна, бир туруп жан эргиткен жыргалына жамыр- жумур жашоого жан байлаган пенделер да жашап келет.**

Бул адам жашоосуна бүгүн эле тартуулана калган жок чыгар. Көптөгөн жылдар ушундай татаал сырларды байырлаган элдер катары өмүр улаган Памир кыргыздарынын бири Тукуев Таштан аксакал 1949-жылы кычыраган ызгаардуу кыштын аягында, март айынын башында ошондогу Тажик ССРинин Мургаб районунда жарык дүйнөгө келген тура. Андан бери далай мезгилдер Таштан аванын жадыбалы менен жан болуп, жан жыргаткан жаштыгы, гүлмүндөгөн боз улан балалыгы, балтыр эти катыган балбан билек, тоону томкорчудай күчтүү жигит курагы, көз сырында калган өмүр деген туюмдун сырына айланды да калды.

Ал мезгилдин аралыгында жаштайынан Мургаб чөлкөмүндөгү чыйрыктырган тоо койнундагы жаратылыштын татаалдыгына калыптанган мүнөзү кайраттуулуктан тайдырбай, ушул мезгилге чейин беттегенин бербегендигин толук мүнөз менен бычмалай бергени жашы сексенди чандап бараткандa да чапчаңдуу жүргөнүнө шылтап коймоюу бар. Мүнөз деген киндик каның кай жердин топурагына жуурулушса, наристелигиң тамтуң баса кадам таштаган, кийин чымын куюн чычала басып алгандай туйлаганыӊ, көзүӊ каныккан, эс тутумуң калыптанган "туулган жер" деген жан дүйнөнү жашоодо кайда жүрбө жүрөгүндө тумар болуп тагылганы жанында жан сабалап жүрө бергенине Таштан ава азыр да каңырыгы каңылжаар сыздаткан кусалыктан жетимиш жети жаш курагында да бошоно албай турганына "чиркин дүйнө ушул бейм" деп ой сезимине багынгандай дене боюн күүшөлтүп алат.

Жарык дүйнөдө пенде баласы дайыма жан жыргаткан жашоону көктөн тапчудай чоң чоң үмүттөрдүн улагасында тырмышып жашаганы жашоонун жандырмагы чечилбеген учук жиптин сыдырылганындай турмуш кечирип келет тура. Зоройуп көпчүлүккө аралаша баштагандан тунгуюктагы жашоонун сырларына адам ошентип кашаң аттын үстүнө жармашып теминип келгени келген экен. Таштан ава да жашоодо элден калышпайын деп көпчүлүк катары турмуштун өр жолунда жаштайынан аракетчил болду. Анан калса Памирдеги кыргыз турмушу климаттык шартка байланыштуу кадимки өзөндөгүлөрдүкүнөн башкача татаал эле. Ал Тажикстан Республикасынын Мургаб районундагы В.И. Лениндин ысымын алып жүргөн мектептен жакшы билим алуу менен 1968-жылы аяктаган. Ошол эле жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, ал жактан жакшы кызмат өтөгөндүгүн эске алынганбы КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган. Ал убакта мындай ардактуу мүчөлүк жөн жерден боло берчү эмес. Ал аскерге чакырылардын алдында өзгөчө кызматтардын жашыруун тапшырмасын ийгиликтүү аткаргандыгы үчүн СССР «КГБсынын» ардактуу медалы менен сыйланат.



Ошондон баштап жаш жеткинчек Тукуев Таштандын өмүр жолунда ийгиликтүү иштер арбын болот. Ал 1973-1975-жылдары Фрунзе шаарындагы номер биринчи кесиптик- техникалык окуу жайынан байланыш адистиги боюнча билим алат. Көп жылдар ушул тармакта эмгектенет. Кийин 1983-1986-жылдары Ош шаарындагы курулуш техникумунда билимин жогорулатат. Ал Ош курулуш, айыл курулуш ишканаларында өз кесиби менен эмгектенет. Жумушта дайыма активдүү болгонун сезген ишкананын администрациялары өзгөчө баалоого алат. Кийин өзгөчө кырдаалдар тармагынын граждандык коргонуу бөлүмүндө байланышчы болуп көп жылдар эмгектенип калат.

Ал көп жылдык үзүрлүү эмгектери үчүн көптөгөн сыйлыктардын ээси болот. Атап алганда Улуу Жеңиштин жетимиш жылдыгына арналган, Октябрь Революциясынын жүз жылдыгына, ӨКМдин ардактуу белгиси, В.И.Лениндин жүз жылдыгына, СССРдин түзүлгөндүгүнүн жүз жылдыгына, ӨКМдин ветераны сыяктуу ондогон медалдар менен сыйланган.

Ардактуу ардагер Тукуев Таштан авага жогорудагыдай сыйлыктар жөн жерден келе калган эмес. Мээнеткеч аксакал өмүр бою ак ниеттүүлүк менен эмгектенгени анын көкүрөгүндөгү эмгектерин баалагандыгы медалдардын тизмегинен эле көрүнүп турат. Аксакал Таштан ава көп жылдык эмгеги жогорку арзууга татып, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Алкыш баракчасына да татыктуу болгон. Ушундай ийгиликтердин арзуусунда Таштан ава жетимиш жети жаштык өмүрдүн суусун ичип, өткөн өмүрдөгү кадырлуу каарман эмгектеринин таасиринде эл кадырлоосуно ээ болуу менен бакубат жашап турган чагы.

**М. Жуманазаров.**

**Ой чабыт**

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

**(башталышы мурдагы санда)**

Экинчи жолу аны 1973-жылы жай айларында көрдүм. Чөп оруу мезгили биздин жерде өзүнчө эле фронт болчу. "Баш көргөндү, көз көрбөйт" дегендей эле мезгил. Биздин Калинин колхозунда эле 32 миңдей кой, 2 миңге жакын уйлар (кийинчерээк уйларды башка районго алып кетишкен), 500 башка жакын жылкылар болгондуктан, аларды багуу үчүн тоют базасын түзүүгө колхоздун жалпы эли жана тырмак жаз келгенден баштап күзгө чейин бел чечпей эмгектенишчү. Жазында эгин эгүү менен алектенсе, жай айларынын акырында аны оруп жыйнап, андан соң тоют топтогонго киришчү. Мындай өнөктүккө колхозчулардан сырткары мугалимдер, чоң класстардын окуучулары да тартылчу. Жалпы колхоз беш бригададан туруп, анын аймагы да, малдары да бешке бөлүнүп, алардын ар бирин бригадир башкарчу. Бригадалар ортосунда да ар түрдүү багытта мелдештер уюштурулуп турган. Эсимде, биздин биринчи бригадада ошол жылы мугалимдер менен колхозчулардын ортосунда чөптү оруп, жыйноо боюнча бир айлык социалисттик мелдеш уюштурулуп, бир жагына мектептен акем (өзүмдүн атам) башчы болуп, ал анда мектепте директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары (уюштуруучу) болуп иштечү, ал эми колхозчуларга эсимде жок, кимдир-бирөө башчы болуп бекитилген. Ар бир топтун он бештей мүчөлөрү болуп, мелдештин жыйынтыгы он күн сайын чыгарылып, колхоздун башкармасы тарабынан кызыктыруучу сыйлыктар берилип турган. Төө-Койчуда адаттагыдай эле чөп оруу кызуу жүрүп, мен аларга үйдөн атала ташып барып калсам, ошол жерде Р.Абдыкадыров агабыз өзүнүн концертин берип жаткан экен, кайрадан үйгө жөнөтсө, кете албай кылчактап, кайра барып келгенче, кетип калганын көрүп арманда калган элем.

Ошто эки жыл окуган соң, үчүнү, төртүнчү курстарды Бишкек шаарында (анда Фрунзе шаары деп аталчу) уланттык. Мына ошол жылдары жыл сайын атактуу обончулар Р.Абдыкадыров, Т.Казаков, Ж.Алыбаев, Ж.Мамажанов, А.Керимбаев, К.Темировдун отчеттук концерттери уюштурулуп, ар бири экиден ыр аткарышса, көрөрмандар уламдан-улам суранышып жатышып, сахнадан кетире койбой Рыспай Абдыкадыровду беш, алты жолу ырдатышчу.

Мына ошол техникумда окуп жүргөн мезгилде бирге окуган Мырза-Акелик досторум Турдубек, Кубат, Мишалар да Р.Абдыкадыровду "биздин жерден болот" деп талашканы эсимде. Эмнеге таянып айтып жаткандарын сурасам, "туугандары" ошол жерде жашап жатканын айтышкан болчу. Бул жерде сөз Кочкорбай деген агабыз жөнүндө болуп жатканын түшүнүп, ал киши көп жылдары Мырза-Акеде жашап турганын, анан мен "Ажике" орто мектебинде окуп жүргөн жылдары ал киши айылга көчүп барып, мектепте бир нече жыл карооолчу болуп иштеп, анын Төкөбай деген уулу биз менен классташ болгондугун айтып, аларды арандан зорго ынандыргам.

Фрунзедеги автожол техникумун 1980-жылы июнь айында бүтүп келгенден кийин Совет районунун Калинин атындагы колхозунда электрик болуп бир жыл иштедим. 1981-жылы Фрунзедеги Айыл чарба институтунда "борбордук (центральный ВУЗ) окуу жайларына" кабыл алуу жүрүп жаткан экен, Украина айыл чарба академиясына документтеримди тапшырып, сынактарды ийгиликтүү өткөн соң, Киев шаарында аталган окуу жайда окуп калдым.

Мына ошол Киев шаарындагы болуп өткөн залкар агабыз менен болгон кызыктуу жолугушуу, бирге болгон күндөр такыр эстен кетпейт. Окуум айыл чарбасын механизациялоо жаатында болгондуктан, убакыттын көпчүлүгүн чийме сызуу менен өткөрчүбүз. Бул жолу да адатымдай чийме менен алек болуп отурсам, бизден төрт айлдама алыс турчу тамак-аш өнөр жайынын технологиясы институтунда окуучу досум Жолборс Осмонов келип калды. Иштеп жаткан ишимди жыйнаштырууга туура келди. Аны менен чай үстүндө маектешүүдө, шаарга окууга Р.Абдыкадыровдун келгенин, аны менен кечээ күнү мончодо жолугуп калып, кечке чогуу жүрүп, дарегин алып калганына кубандым да, дем алыш күнү барып, учурашып келмей болуп, макулдаштык.

Болжошкон күнү Жолборсту күтсөм келбегендиктен, аны жалгыз издеп жөнөөгө туура келди. Баратып, "Издеген адамымды таба аламынбы? Ал киши мени кандай кабыл алат?" деген суроолор тынчымды алып жатты. Күн түш оон калгандыктан, сураштырып тез эле пединституттун мугалимдердин жана аспиранттардын өз билимин өркүндөтүү факультетинин жатаканасын таптым да, ал жашаган бөлмөнү каккыладымда:

- Кире бериңиз - деген үн угулду. Бөлмөдө орто бойлуу, кара торусунан келген адам туруптур, учурашып, ал-жайымды уккан соң, отуруп турууумду өтүндү. Ал киши Ош педагогикалык институтунун музыкалык факультетинде иштеген Абывап аттуу агай экен. Бир маалда коридордон тез-тез баскан адамдын кадамы угулду да, бөлмөгө мен күткөн адам кирип келди. Ал мага:

- Келсинлар, келсинлар! Карагым кай жердин кулунусуң? – деп казакча-кыргызча аралаштыра сурап жиберди. Албетте, мен Р.Абдыкадыров менен бир жерлик болсом да, аны менен расмий түрдө учурашып, көрүшө элек кезим. Анын шатыраган жайдары мүнөзү менин сүрдөгөн сезимимди жоюп салды көрүнөт, мен батына Совет районунун Калинин колхозундагы Орозалиев Мойдундун уулу экенимди айттым.

– Ой бай! Сен анда Мойдун жездем менен Какы эжемдин уулу болот турбайсыңбы? Чоң атам Бекташ менен сенин таятаң Акматтын апасы Айсари, Кийикбайлар бир тууган болуп кетишет. Кайрадан сенин таенең Сакы эжемдин атасы Атакан менен менин чоң энем Шуру бир тууган. Ошондо таятаң Акмат мага жээн, ал эми таенең Сакы эжеме мен жээн болуп, эки тараптан тууган болуп кетебиз –деди да, мени кайрадан кучагына кысып, бетимден өөп, менин бул жерде эмне кылып жүргөнүмө, даректи кимден алганыма кызыга кетти. Мен окуй турганымды, даректи Жолборстон алганымды айтканымда:

- Менин биринчи "Волтмейстер" аккердеонумду Жолборстун атасы Арыкбай аксакал Калинин колхозунда башкарма болуп иштеп турган кезинде алып берген – деп ыраазылык сезимин билдире кетти. Аны менен чай үстүндө баарлашып отуруп, созолонгон обондоруна маашырлана күндүн кантип кеч киргендигин байкабай калыпмын. Коштошуп кетүүгө туура келди. Ошондон кийин жуманын ишемби, же жекшемби күндөрү сабактан бошогон соң, байма-бай аны менен катташып турдум. Бир күнү Киевдеги ар кайсы окуу жайларында окуган жаштар менен атактуу жердешибиздин жолугушуусун уюштурууну чечтим да, аны менен бир күнгө болжошуп кайттым.



**(уландысы кийинки санда)**

**Калил Орозалиев.**

## Аукцион

Кара –Суу районун Мады айыл өкмөтүнүн балансында турган техникалар аукцион аркылуу сатууга жарыяланат.

Техникалардын тизмеси:

- ВАЗ 21074-2003-жылы чыгарылган, баштапкы баасы 30 900 сом;
- ГАЗ САЗ 3507-2003-жылы чыгарылган, баштапкы баасы 788 40 сом;
- ЮМЗ ЭО-2621-1986-жылы чыгарылган, баштапкы баасы 54 000 сом.

Аукцион 2026-жылдын 3-март күнү саат 15-00дө Мады айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт, сынак 3 лот менен коюлат, дареги: Ош облусу, Кара-Суу району, Асан-Чек айылы. Алымбек уулу Асанбек көчөсү 17а, сурап билүү номери: 0-550-661-221.

## Аукцион

Кара –Суу районун Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн аймагындагы мамлекеттик фондунун Ак-Таш, Жылкелди, Кашкар-Кыштак айылдарындагы жерлерин ижарага берүү боюнча аукцион өткөрөт. Аукцион жарыя газетага чыккан күндөн тартып бир айдан кийин айыл өкмөтүнүн Маданият үйүндө өткөрүлөт.

Сурап- билүү боюнча байланыш номери: (0558)-68-08-11, ( 0771)-12-22-60.

**ххх**

Кара –Суу районун Ала-Тоо айыл аймагынын Жылкелди айылындагы муниципалдык менчиктеги 0,38 га. жер тилкесин соода- сатык кылуу үчүн убактылуу жеңил конструкция куруу менен, 0,27 га жер тилкесин скверди өздөштүрүү жана башка иштерди уюштуруу боюнча ижарага берүү боюнча аукцион өткөрүлөт. Аукцион жарыя газетага чыккан күндөн тартып бир айдан кийин айыл аймактын кеңсесинде өткөрүлөт. Сурап- билүү үчүн байланыш номери: ( 0558)-68-08-11, (0771)-12-22-60

## Жараксыз деп табылсын

Ош технологиялык университети тарабынан 2002-жылы Мамасадыкова Эркайым Зияйдиновнага берилген серия номери ЕВ 56864 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Жеке ишкер Мордан Ферузага таандык болгон ИНН 11506199202487 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Каныбек уулу Беркутка таандык болгон "В","С","С1" категориясындагы айдоочулук күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Раимжанова Шаризага таандык Ноокат районуна караштуу Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн Кашкалдак айылындагы М. Айдаров көчөсүндөгү № 3- үйдүн (идент. коду: 5-05-09-1004-0267) 10.02.2014- жылы берилген, сериясы "Ч" № 510107 сандуу техникалык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз жараксыз деп табылсын.

## МИНИСТЕРСТВО ВОДНЫХ РЕСУРСОВ, СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА И ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ (АРИС) ЦЕНТР КОНКУРЕНТОСПОСОБНОСТИ АГРОБИЗНЕСА (ЦКА)

Приглашение к участию

Центр конкурентоспособности агробизнеса (ЦКА) приглашает принять участие в открытом предварительном отборе претендентов на роль лидера и участников Продуктивного партнёрства в рамках формирования продуктивных партнёрств по развитию цепочек добавленной стоимости в агропромышленном комплексе, а также на предоставление грантовых средств для развития сельской инфраструктуры в зонах реализации проекта.

Отбор проводится в рамках реализации проекта Всемирного банка «Региональное экономическое развитие» (ПРЭР) в Ошской области и городе Ош.

Дата и время начало приёма заявок: «30» января 2026 г. (с 9:00 ч/м).

Дата и время окончания приёма заявок: «30» апреля 2026 г. (до 17:30 ч/м).

Общие сведения о Проекте и Компоненте 2 (Продуктивные партнерства).

Целью проекта является оказание поддержки Получателю в усилении регионального экономического развития путем целенаправленных вмешательств в выбранных секторах в Ошской области и г. Ош.

В рамках Компонента 2 ПРЭР предусматриваются мероприятия по усилению цепочек добавленной стоимости, что будет способствовать развитию партнерских отношений между сельскохозяйственными предприятиями и малыми сельскохозяйственными производителями для финансирования целевых инвестиций подпроектов, которые улучшат качество и увеличат объемы производства / переработки.

Проект будет использовать подход по развитию цепочки добавленной стоимости, способствуя развитию продуктивных партнерских отношений на основе спроса в ходе реализации. Продуктивные партнерства будут охватывать несколько групп производителей в одной и той же цепочке добавленной стоимости, в том числе фермеров, сборщиков, переработчиков, торговцев и экспортеров. Каждое партнерство будет регулироваться рамочным соглашением и подписываться ведущей группой производителей и покупателем/агрегатором или перерабатывающим предприятием и другими соответствующими участниками.

В рамках ПРЭР будет оказана поддержка всем цепочкам животноводческой и растениеводческой отрасли Ошской области и города Ош, в зависимости от анализа цепочки добавленной стоимости, который должен проводиться в начале проекта, и который способствует конкурентоспособности и экспортной ориентации в ЦДС. Возможные приоритетные ЦДС:

- молочная продукция (все виды молока – коровье, овечье, козье, кобылье),
- красное мясо и мясная продукция,
- шерсть (мериносной овцы, шерсть и пух яков),
- птицеводство
- мед и продукция пчеловодства.
- плодоводство: семечковые, косточковые
- ягодные культуры
- зернобобовые, кормовые культуры
- масличные культуры
- шелководство
- овощи и бахчевые
- хлопководство
- органическое сельскохозяйственное производство в сфере растениеводства и животноводства
- и другие, приемлемые направления в рамках создания ЦДС

Приемлемые кандидаты:

Участниками конкурса могут быть: все виды организаций и индивидуальных предпринимателей с соответствующей юридической регистрацией, работающие в отдельных сферах сельского хозяйства и пищевой промышленности в Ошской области и города Ош, включающие: индивидуальных предпринимателей, различных видов кооперативов, фермерских групп, ОсОО, ассоциаций и союзов, а также других организаций, за исключением неправительственных организаций и фондов.

Направления целевого инвестирования:

1. Сорта с доказанной высокой урожайностью и другими желательными характеристиками
2. Новое оборудование (технологическое оборудование, а также тракторы), включая производство и переработку, послеуборочную обработку и обработку, хранение и обслуживание, лабораторию (включая передвижные и специальные машины и оборудование), упаковку и сортировку, контроль качества, оборудование технических линий для повышения качества продукции и увеличения объемов;
3. Оборудование для технологического переоснащения, имеющегося (старого) оборудования;
4. Внедрение системы менеджмента безопасности пищевых продуктов, включая внедрение всех этапов (обучение, внедрение систем (НАССР, ISO, органическое производство, все виды передовой практики, другая соответствующая техническая поддержка и т. д.));
5. Получение местных и международных сертификатов, утвержденных международными организациями.
6. Закупка услуг по маркетингу и брендингу (включая разработку товарного знака и дизайна продукта (а также упаковки) и др.);
7. Техническая помощь и обучение для производителей и других услуг по обеспечению качества, борьбе с вредителями и болезнями и улучшению безопасности пищевых продуктов.
8. Предоставление инвестиционной помощи в виде товаров, услуг на грантовой основе органам местного самоуправления, местным сообществам, айыл окмоту, муниципальным и государственным учреждениям, иным предприятиям и учреждениям, находящихся в ведении Министерства сельского, водного хозяйства и развития регионов Кыргызской Республики для восстановления общественной инфраструктуры, имеющей решающее значение для функционирования выбранных цепочек добавленной стоимости.

Продуктивное партнерство будет определять инвестиционную программу и последовательность реализации мероприятий будет определяться конкретным предложением о партнерстве.

Прием заявок и консультации по адресу:

Региональный офис Центр конкурентоспособности агробизнеса (ЦКА) г. Ош

г. Ош, ул. Масалиева, 73, 3 этаж, каб, 21

Тел: +996 (770) 817 817,

E-mail: abdibaliev@agromarket.kg копия: esenaliev@agromarket.kg

Ош жаңырыгы
Ош облусунун коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
М.Жуманазаров

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
**Катталуу күбөлүгү**
213623-3310-У-е
**Жазылуу индекси:**
68420

Реквизиттер:
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 29**
**Нускасы: 1700**

# КЫРГЫЗ–АТАДА ДЕМИЛГЕЛҮҮ ИШТЕРДИН ИЙГИЛИГИ АРБЫН

**Ноокат районундагы эң алдыңкы айыл өкмөттөрүнүн катарына Кыргыз-Ата айыл өкмөтү кирет. Жылдан жылга айыл өкмөтүнүн аймагы өзгөрүп, өсүү жолунда баратат. Азыркы учурда Кыргыз-Ата айыл өкмөтүн Ракишев Мирлан Кубанычбекович жетектеп келе жатат.**

**Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн имаратынын кире беришинде музей бөлмөсү бар. Анда колхоз мезгилиндеги башкармалардын, алдыңкы саанчы-малчылардын, механизаторлордун, дарыгерлердин, Социалисттик эмгектин баатырларынын сүрөттөрү илинген. Айылдан чыккан чыгаандардын катарын илимдин докторлору, ЖК депутаттары, маданият жана спорттун өкүлдөрү, мектептин директорлору жана башка ар кандай кесиптин ээлери, элибизге таанылган инсандардын сүрөттөрү толуктап турат. Улуу Ата Мекендик согушта кайтпай калган жоокерлердин жана аман-эсен кайтып келген жоокерлердин сүрөттөрү, Ооган жана Баткен согушунун ардагерлеринин сүрөттөрүн көрүүгө болот. Ошондой эле айыл өкмөтүнүн жетекчиси болуп эмгектенген инсандардын да сүрөттөрү бар.**



Ракишев Мирлан Кубанычбекович, Кыргыз- Ата айыл өкмөтүнүн башчысы

## Социалдык камкордук маанилүү

Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн аппаратында 13 кызматкер эмгектенет. Көп жылдык тажрыйбасы бар, жогорку билимдүү адистердин катарына айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Таалайбек Садиров, санариптештирүү боюнча башкы адис Жапар Салайдинов, социалдык кызматкер Шахзаада Аттокурова, иш жүргүзүүчү Минавархан Исманова, ВУС кызматкери Баатырбек Азимкулов, ФЕБ башчысы Каухарбек Аманов ж. б. адистер эмгектенишет. Айыл өкмөтүнүн аймагында төрт айыл башчы бар. Жоомарт Ташбаев- Борко айылынын, Алтынбек Карыбеков - Ак-Булак айылынын, Байжигит Салайдинов - Кыргыз-Ата айылынын, Орозали Матиев - Кара-Кой айылынын айыл башчысы.

КРнын президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 жарлыгына ылайык, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы "2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясын" ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планын бекитүү жөнүндөгү" №341-Т тескемесин турмушка ашыруу боюнча КРнын Президентинин Ош облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы №01-52/20 буйругун аткаруу алуу жөнүндө Кыргыз-Ата айыл аймагында 8-март - Эл аралык аялдардын күнүнө карата "Аялзат дүйнө тиреги" аттуу иш-чара уюштурулду. Айылдагы ардагер аялдарга жана Баатыр энелерге маданият кызматкерлери тарабынан концерттик программа тартууланып, айыл өкмөттүн бюджетинин эсебинен белектер берилди.



Орозали Матиев, Кара-Кой айылынын айыл башчысы




Кыргыз- Ата айыл өкмөтүнүн жамааты

КРда биринчи жолу 15-март "Аталар күнү" деп белгиленгенине байланыштуу Көтөрмө маданият үйүндө "Ата- ордолуу шаар" аттуу темада айыл аймагындагы элге таанылган ардагер аталарды чакырышып, аларга айылдын чыккан таланттар өздөрүнүн өнөрлөрүн тартуулашты. Айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан аталарга акчалай сыйлыктар тапшырылды. Өткөн жылдын сентябрь айында Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн Көтөрмө маданият үйүндө таланттуу комузчулар арасында комуз күнүнө арналган "Таңшы комуз" аттуу иш-чара өткөрүлдү.

## Өнөр жайы

Жеке ишкерлер тарабынан Кыргыз-Ата айыл аймагында өнөр жай тармагын өнүктүрүү боюнча 12 кичи ишкана ачылган. Алар айылдын калкына өздөрүнүн ишмердүүлүгүн көрсөтүшүп келе жатышат. Алар райондук статистика бөлүмүндө каттоодо турат. Учурда Көтөрмө айылында эки кичи пилорама, бир жем тегирмен иштеп жатат. Мындай кичи ишканалар Борко айылында жана Ак-Булак айылында да бар. Айыл аймагы боюнча 3 булочка цехи иштеп жатат. Ошондой эле 6 калкка кызмат көрсөтүүчү жайлар жана кичи ишканалар ачылып, жаңы жумушчу орундар түзүлдү.

## Билим берүү

Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн аймагында Эшполот Абдыраимов атындагы №54 Кесиптик лицейи бар. Анда 8 тайпада 4 багытта адистер даярдалып, окуучулар билим алышуда. Окуу жайынын имараты АБР тарабынан 19,0 млн. сомго капиталдык ремонттон өткөрүлдү. Бүткүл дүйнөлүк Азия өнүктүрүү банкынын каржылоосу менен 2.8 млн. сомго 2 даана интерактивдүү доска, 13 даана компьютер, 2 даана принтер, 13 даана тигүү машинасы, стол, стул сыяктуу эмеректер алынды.

Таш Жамалов атындагы балдар искусство мектебинде 20 мугалим 7 бөлүмдө 90 окуучуга билим берип, кесипке үйрөтүшүүдө. Бишкек шаарындагы П. Ф. Шубин атындагы музыкалык мектепте өткөрүлгөн "Обон" аттуу жаш аткаруучулардын 3-Эл аралык кароо - сынагына 3 мугалим жана 5 окуучу катышышып, сынактын уюштуруучулары тарабынан мугалимдер "Ыраазычылык кат", ал эми окуучулар Ардак грамота менен сыйланышты. Алардын жол кире акысы айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен бөлүнүп берилди.

## Таза суу жана сугат суу

Кыргыз-Ата айыл аймагына караштуу Кыргыз-Ата айылындагы 100дөн ашуун кожолугу бар Имам-Ата жаңы конушун таза суу менен камсыз кылуу максатында "Кыргыз-Ата" булагы муниципалдык ишканасы тарабынан 3-баскычтагы насостук станция курулуп, жалпысынан 2000 метр жерге таза суу түтүгү тартылды. Азыркы учурда Имам-Ата конушунун эли толук кандуу ичүүчү таза суу менен камсыз болду. Насостук станцияга кеткен чыгымдардын суммасында элдик салымы -1 млн. сом. Муниципалдык ишканадан экскаватордук кызмат 320 000 сом, жергиликтүү бюджеттен 750 миң сомду каржыланды.

Кыргыз-Ата муниципалдык ишканасы заман талабына жараша санариптештирүүгө өткөн. Тактап айтканда IT компаниясы менен келишимдин негизинде жаңы программалар жазылып, азыркы күндө ийгиликтүү иш жүргүзүп келишүүдө. Буга чейин таза суу бөлүмү боюнча санариптештирүү иштери ийгилик жаратып келген болсо, сугат суу боюнча да, ар бир абонент маалыматты базага катташып, ошондой эле абонент өзү да бул маалыматты сугат суу бөлүмүнүн тиркемесинен көчүрүп, каталып көрүп турса болот. Ошондой эле онлайн төлөм аткарып, жеке кабинеттен көрө алат.

2023-жылы 5 000 000 сомго Кореянын КОИКА фондунан 1 км. 300 метр аралыкка лоток коюлду. Айыл өкмөтүнүн эсебине 1 даана таштанды ташуучу ФАВ үлгүсүндөгү жана хундай Р-60 үлгүсүндөгү жаңы атайын техникалар алынып келинди. Сел жүргөн Кара-Кой эс алучу жайлоосуна кеткен жолду тазалоого экскаватор хундай Р-60 техникасы чоң жардам көрсөттү.

"Быйылкы жылы алдыбызга коюлган милдеттер, аткарыла турган жумуштар арбын дейт",- айыл өкмөтүнүн жетечиси Мирлан Кубанычбекович.

**Б. Ысакова.**